**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАКАЙ-АТА АЙМАКТЫК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАКАЙ-АТИНСКАЯ
ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

Кыргыз Республикасы,
Бакай-Ата айылы, Манас көчөсү №83
тел./ факс:: +996 (3457)3-22-12
+996 (3457)3-22-14
adm58@shailoo.gov.kg

Кыргызская Республика,
с.Бакай-Ата, улица Манаса №83
тел./ факс: +996 (3457)3-22-12
+996 (3457)3-22-14
adm58@ shailoo.gov.kg

## Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын
## № 10 - Ч Е Ч И М И

16.04.2021-ж.

Бакай-Ата айылы

### “Клооп Медиа” коомдук фондунун билдирүүсү жөнүндө

2021-жылдын 11-апрелинде өткөн Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүү киргизүү боюнча бүткүл элдик добуш берүү жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо “Клооп Медиа” коомдук фондунун 2021-жылдын 13-апрелиндеги жолдогон катында №6058-Жол-Сай участкалык шайлоо комиссиясынын автоматтык эсептөөчү урнанын оператору шайлоо бюллетенин шайлоочунун атынан урнага салды жана №6060-Поликлиника шайлоо участогунда медкызматкер шайлоочуга бюллетенди урнага салууга көмөктөштү деген билдирүүсү менен аталган шайлоо участокторундагы Референдум боюнча шайлоо жыйынтыктарын жокко чыгаруу жөнүндөгү арызын карап, жана ошондой эле аталган участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн жана шайлоого байкоо жүргүзгөн талапкерлердин байкоочуларынын маалыматтарын укту:

1. №6058-Жол-Сай шайлоо участогундагы участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн (АСУ оператору) шайлоочу добуш берүүдө бюллетендерди урнага туура эмес салып жаткан учурда автоматтык эсептөөчү урнага туура салуусун гана көрсөткөн. Бул тууралуу аталган мүчөнүн жазуу жүзүндөгү түшүнүгү алынды. Ал эми шайлоочу бюллетендерди урнага өзү салган. Экинчи мүчөсү автоматтык эсептөөчү урнадан добуш берүү жайынын чакандыгына карабай талап кылынган аралыкта байкоо жүргүзгөн. (*АКТ, түшүнүк каттар,билдирүүлөр тиркелет)*

2. №6060-Поликлиника шайлоо участкасында улгайган шайлоочу урнага бюллетендерди сала албай жаткан жеринен шайлоо участогуна бекитилген медкызматкер аталган шайлоочунун жакыны болгондуктан бюллетендерин урнага салуга көмөктөшүүсү мыйзам бузууга алып келбейт. Медайым участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү жана талапкердин байкоочусу болуп саналбайт.

Жогорудагы билдирүүлөрдү талкуулап, Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясы

**Чечим кылат:**

1. Жогорудагы маалыматтардын негизинде Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясы “Клооп Медиа” коомдук фондунун арызын канааттандырууга негиз жок экендигин белгилейт.

2. Ушул чечимдин көчүрмөсү “Клооп Медиа” коомдук фондуна жөнөтүлсүн.

**Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Б.Чукотаев**

**Бакай-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы:** **Г.Дуйшенова**